**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________№ ___________ Бишкек ш.

г. Бишкек

**2026-2027 жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу, коррупцияга каршы пропаганда жүргүзүү, коррупцияга каршы стандарттарды жайылтуу жана коомдо коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу максатында, буйрук кылам:

1. 2026-2027 жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы маалыматтык саясатынын мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн бардык жетекчилери:

- белгиленген мөөнөттө Иш-чаралар планын талаптагыдай аткаруу боюнча зарыл чараларды көрүшсүн;
- квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 1не чейин Иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө маалыматты кагаз жана электрондук түрдө Тарбиялоо жана мектептен тышкаркы билим берүү бөлүмүнө беришсин.

3. Иш-чаралар планын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын камсыздоону координациялоо Тарбиялоо жана мектептен тышкаркы билим берүү бөлүмүнө (А.Э. Эркимбеков) жүктөлсүн.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министрдин орун басары А.Д. Махметкулов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 780/1, 12.06.2026

Кол койгон: Махметкулов А.Д.